DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Сыдыков Б.К.*

# МЕКТЕПТЕРДЕ КӨРКӨМ СҮРӨТ САБАГЫНДА (КРУЖОКТОРДО) ӨЗҮНӨН КАРАП СҮРӨТ ТАРТУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

*Сыдыков Б.К.*

# ПРАВИЛА РИСОВАНИЯ НА УРОКАХ (В КРУЖКАХ) ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОГО ИСКУССТВА В ШКОЛАХ

*B. Sydykov*

# RULES FOR DRAWING IN FINE ARTS LESSONS (IN CIRCLES) IN SCHOOLS

*УДК: 371.3*

*Ар бир окуучу башталгыч класстардан баштап эле сүрөт тартууга, көргөн билгендерин кагаз бетине түшүрүүгө аракет жасай баштайт.Албетте биринчи кезекте алгач тарткан сүрөттүрүн китеп, журналдарга жарыяланган иллюстрацияларды түшүнүп же түшүнбөй эле так өзүндөй көчүрүп тартууга аракет жасоо менен бирге өздөрүнүн баалуу убактыларын текке кетиришет. Көчүргөн сүрөттөрү бр аз окшоп калса аларды бирөөлөр мактап койсо кубанышып, өзгөчө улуу муундагы адамдар ал сүрөттөрдү көргөндө «окшоптур, өтө жакшы»,-деп баалап коюшса ыраазы болуу менен бирге дагы көптөгөн сүрөттөрүн тартышып убактыларын текке кетирип убара болушат. Ушул сыяктуу чыгармачылыктагы иш-аракеттери менен убара болгон болочок сүрөтчүлөрдүн туура эмес жолго түшкөнү менен коштолот. Көркөм сүрөт тартууну үйрөнүүчүн, адис сабактардан билимдүү сүрөтчү мугалимдерден тарбия сабак алса тез арада сүрөт тартууну үйрөнүү менен ийгиликтерге жетишет. Ошондуктан сүрөт тартууну үйрөнүү үчүн көркөм сүрөт сабагынан атайын билими бар сүрөтчү мугалимдерден окуп билим алса болочок сүрөтчү тез арада ийгиликтерге жетише алат. Башталгыч мектептерде нерсенин өзүнөн (натурадан) көрүп, ар бир стадиясын кезеги менен сүрөтүн тартуу, методикалык ыкмалардын негизги милдети болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *жарыктандыруу, контраст, сүрөт тегиздиги, текстура, штрих, курулуш, бүтүндүк, мейкиндик, перспектива, масштаб.*

*Каждый ученик начальных классов старается рисовать и записывать то, что видит, конечно, в первую очередь, они тратят свое драгоценное время на то, чтобы понять и скопировать иллюстрации, опубликованные в книгах и журналах. Если скопированные картинки будут немного похожи на них, особенно старшее поколение будет признательно, если они скажут «похоже, хорошо» и будут тратить свое время на повторную работу. Это день, когда будущие художники сбиваются с пути. Учась рисовать, профессиональный художник учится рисовать быстро и добивается успеха, когда проходит обучение у хорошо образованных учителей рисования. Поэтому будущий художник может быстро добиться успеха, если учится рисовать у учителей рисования, имеющих специальное художественное образование. В начальных классах основной задачей методических приемов является рассмотрение самого предмета (в натуре) и рисование картины каждого этапа по очереди.*

***Ключевые слова:*** *блик, контраст, картинная плоскость, фактура, штрих, конструкция, цельность, пространство, перспектива, масштаб.*

*Every primary school student tries to draw and write down what they see, of course, first of all, they spend their precious time trying to understand and copy the illustrations published in books and magazines. If the copied pictures look a bit like them, especially the older generation will appreciate it if they say «looks good» and spend their time reworking. This is the day when future artists go astray. When learning to draw, a professional artist learns to draw quickly and succeeds when trained by well-educated art teachers. Therefore, a future artist can quickly achieve success if he learns to draw from art teachers who have a special art education. In elementary grades, the main task of methodological techniques is to consider the subject itself (in kind) and draw a picture of each stage in turn.*

***Key words:*** *glare, contrast, picture plane, texture, stroke, design, integrity, space, perspective, scale.*

Сүрөт тартып үйрөнүү үчүн кызыккан ар бир окуучу, студент же болбосо келечектеги сүрөтчүгө атайын уюштурулган түрдөгү шарттуулуктарды жаратып берүү керек болот. Андыктан, атайын өнөрканалар, класс жана бөлмөдө ар түрдүү керектүү шарттары менен жабдылган болуусу шарт. Ал бөлмө, класс жана атайын өнөрканалардын терезелерине жарык түндүк тараптан тийген абалда постановкалык ж.б. нерселердин өзүнөн көрүп сүрөтүн тартуу иш аракеттери жүргүзүлөт. Себеби түштүк тараптан тийген күндүн нуру сүрөт тартып жаткан окуучунун көзүнө да тарткан сүрөтчүгө да тийип, иштөөгө тоскоолдук жаратат. Мүмкүн болушунча класстын дубалдары бозумтук түрдө акталган (потологу) шыбагы ак түстө болушу керек. Ал эми бөлмөнүн, класстын же өнөркананын полу боз көгүш болгону дурус. Гипстен жасалган геометриялык (куб, призма, шар, конус, анатомиялык скульптуралар, антикалык баштар ж.б. фигуралар) күңгүрт фондо ачык даана көрүнөт. Буларга кошумча жогортон төмөн каптал жагынан жарык берүү үчүн атайын сафит болушу керек жана ошондой эле натюрмортту жайгаштыруу үчүн стол, окуучуларга олтуруп, туруп сүрөт тартуу үчүн мольберттердин түрлөрү керек. Класстык жана үй тапшырмаларын аткарууга ватман кагаздары, сүрөт жана черчение сабактарына арналган альбом барактары, графит карандаштарынын түрлөрү, жумшак өчүргүчтөр менен камсыз болуусу зарыл. Сүрөт тартуу учурунда окуучулардын карандашты кандайча кармап кандай аралыкта олтурушу керектиги тууралуу атайын эрежелери жана ыкмалары болот. Ал жөнүндө адис мугалимдер түшүндүрүп айтып беришет. Бул эрежелер да сү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рөт тартууда маанилүү ролдо болот.

Алсак, башталгыч мектептерде окуучуларга алгач сүрөт тарта баштаганда эле нерсени өзүнөн карап, жөнөкөй предметтен татаал предмедметке карай сүрөтүн тартууга үйрөтүү байыртадан колдонулуп келе жаткан ыкмалардын негизи болуп эсептелет. Ошондуктан алгач сүрөт тартууда геометриялык көлөмдүү фигураларды (куб, призма шар ж.б.) өзүнөн карап сүрөттөрүн түшүрүүдөн баштоо сүрөт тартуунун эрежелерине ылайык туура болот.

Биз түз горизонталь, вертикаль сызыктарды чийүүнү тактоо менен бирге көлөмдүү нерселердин сүрөтүн түшүрүүнү үйрөнөбүз.

Окуу процесинде натюрморттук чыгарма аткаруу менен бирге окуучулардын ойломунда элементардык сүрөт тартуу ыкмаларын үйрөнөт. Предметтин перспективалык жана конструктивдүү түзүлүштөрүн өздөштүрүшөт. Сызык жана штрих менен сүрөт тартуу ыкмалары менен да таанышат. Биринчи пландагы нерсе менен алыскы пландын көрүнүшүн сүрөттөө ыкмалары белгиленет. Жөнөкөйдөн татаалга жана татаалдан жөнөкөйгө деген түшүнүктөрдү кабыл алат.

Белгиленген форматка геометриялык фигураларды же натюрмортту өзүнөн карап жайгаштыруу, нерсенин өзүнөн кароо менен бирге эле өзүнөн көрүп бир шилтемдердин жана бат шилтемдердин иштөө ыкмасында сүрөт тарта салуу болуп саналат.

Ошол эрежелер боюнча аткарылуучу айрым бир постановкалык тапшырмалар:

1. Нерсени байкап жана карап көрүп, эске тутуп калыуусу менен сүрөт тартуу.

2. Мурда көргөн жана билгендерин эсте тутуп калгандарын көз алдыга элестетип сүрөт тартуу ж.б. чыгармачыл иш аракеттери белгилөөгө болот.

Нерсенин өзүнөн байкап сүрөт тартуу механизиминин мындайча түзүлүшү жөнүндөгү жоболор методикалык эмгектерде көп кездешпейт. Айрым бир китептерде: методистер Б.С. Кузин менен «Ж. Сыдыгалиевдин эмгектеринде (Сүрөттү окутуунун байыркы методдору)» [1] үстүртөдөн учкай сөз болот. Аргументтүү жана ишенимдүү болгон же болбосо илимий теориялык жана илимий практикалык ойлор айтылбайт.

«Россияда сүрөт жалпы билим берүүчү сабак катары XVIII кылымдын башынан тартып илимий практикалык жана илимий теориялык нукка салынып баштаган. Бул мезгилде, сүрөттү образдуу элестете билүү жөндөмдүүлүлүгүнө адаттандыруусун өнүктүрүү менен бирге эле, сүрөт тартуу өнөрүн башка кесиптер үчүн да колдонууга боло турган каражат катары карай башташат» [2]. Ошентип сүрөт тарта билүүнү адам баласынын турмушундагы маанисинин мейкиндиги ачылып сүрөт 1715-жылы Дениз академиясында окутулуучу сабактардын катарына киргизилет. 1716-жылы Санкт-Петербургдагы согуш госпиталындагы хирургия мектебинде «сүрөт сабагы» атайын сабак катары окутулат. Ал эми 1721-ж. Феофан Прокофьевич Карповдун мектебиндеги окуу предметтеринин катарына кошулат. Айрыкча 1724-жылы Россия илимдер академиясында башка илимдердей эле сүрөттү белгилүү кыл калем чеберлери окутушат.

Академиянын айрым бир студенттери сүрөт сабагын кунт коюп окуу менен бирге үйрөнүшүп, «көркөм билим азыгын жегим келет», - деген ойду айтуу менен сүрөт тартууга өтө кызыгуу менен окуп билим алууга мүмкүнчүлүк алышат.

Сүрөт акырындык менен жалпы билим берүүчү предмет катары агартуу системасына кеңири киргизиле баштайт: 1732-жылдан сүрөт кадеттик корпуста, 1764-ж. Илимдер Академиясынын алдындагы гимназияда 1764-ж. Воскресенский (Смольный) монастрындагы урматтуу айымдар институнда окутулат.

1735-жылы немец сүрөтчү жана агартуучусу И.Д. Прейслердин немец тилинде: «негиздүү эрежелер же көркөм сүрөткө карата кыскача колдонмо» аттуу сүрөт боюнча окуу китеби жарык көргөн. Бул окуу китеби ошол эле жылы Россияда орус тилине которулуп, басмадан жарык көрүп, окуу системасына киргизилген.

Окутууну Прейслердик системада сүрөт тартууну түз, жантык, ийри сызыктарды, геометриялык фигураларды жана көлөмдүү форманы тартуудан башталат. Андан кийин окуучулар адамдын мүчөлөрүн (кол, бут, көз, кулак, мурун, ооз) жана башын тартышат, аягында бүт тулку бой (мүчөсүн) тартууга өтүшкөн. Прейслер көпчүлүк сүрөтчү- педагогтор сыяктуу эле, окутуунун негизи катары геометрияны жана нерсенин өзүнөн карап тартууну киргизген. «Геометрия сүрөт тартууда нерсенин формасын таанып түшүнүп көрө билүүгө жардам берип, анын тегиздикте сүрөттөлүшүндөгү конструкциялык түзүлүшүн куруудагы иш процессин жеңилдетет» [3]. Бирок Прейслер геометриялык фигураларды (формаларды) колдонуу процессинде илимдин эрежелери менен бирге перспективанын мыйзамдарын жана анатомияны айкалыштырылышы керек деп эскерткен.

Мына жакында (2022-жылы) Прейслердин сүрөт тартууну методикасын окутуу китеби боюнча жарык көргөн китебинин негизинде 300 жылдан бери ушул эле методиканы колдонуп жогорку жана атайын адис мектептерде окутулуп баштайт.

Мисалы, Кыргыз мамлекетинде С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайында, Россияда, Европада ж.б. мамлекеттерде али күнгө чейин колдонуп окуп үйрөнүп келе жатабыз. Албетте, өз учурунда көркөм сүрөт академиясынын мугалимдери жана сүрөтчүлөрү А.П. Лосенко, В.К. Шебуевдер Россияда сүрөттү окутуунун методикасына өзлөрүнүн баалуу салымдарын кошушкан.

1834-жылы А.П. Сапожников «Сүрөт курсу» де-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ген эки бөлүмдөн турган методикалык эмгегин чыгарган. Бул эмгек орус сүрөтчүсү жана агартуучусу тарабынан жалпы билим берүүчү мекемелер үчүн түзүлгөн биринчи окуу китеби болуп бааланат.

Сапожниковдун окуу методикасындагы оң таасирин бергендери азыркы учурда да актуалдуулугун жоготкон жок. Анын көз караштары жана методдтору азыркы учурда да кенири пайдаланууда. Алсак А.М. Соловьевдин, Г.Б. Смирновдун, Е.С. Алексееванын, Н.Н. Ростовцевдин, В.С. Кузиндин, Н.Хасановдун (Узбекстан) Асылбековдун, Ж.Сыдыгалиевдин (Кыргызстан) - илимий эмгек катары бааланган китептеринде Сапожниковдун «сүрөт курсунан» көптөгөн цитаталар келтирилип жана анын сүрөттөрү үлгүлүү иллюстрация катары берилет.

«Нерсени өзүнөн карап сүрөттүн тартууда сүрөтчү алдыда турган айлана-чөйрөгө жана ар түрдүү предметтерге байкоо жүргүзүү менен карап көрүп, өзүнүн ойломунда кабыл алып, андан кийин алгач сызыктык сүрөт жасайт андан соң ал заттык көрүнүштөрдүн көлөкө жарыктарын чыгарып баштайт. Ошондо да, ал заттык көрүнүштүк кубулуштардын сызыктык жана көлөкө жарыктык сүрөттүн жалпы көрүнүшүн уламдан улам оңдоо менен бирге корректировкалоо менен бирге сүрөттүн туура аткарылышын көзөмөлдөп туруш үчүн, сүрөттүн курулуш закондорун билүү зарыл» [4]. Мына ошондо гана ар бир көркөм сүрөттүн композициялык бүтүндүгү толук кандуу болгон көрүнүштөрдө чыгат.

«Айлана чөйрөдөгү нерсеге көлөкө жарыктын түшүшүн актан караны көздөй же карадан акты көздөй созулуп өткөн тондук өткөөлдүгү «көлөкө жарыктын каражаты» деп аталат» [5]. Ал негизинен төмөнкүдөй тондук градациялардан турат.

- Жарык – бул буюмдун жарык тийген бетиндеги ак (аянт) жери, ал буюмдун жарык бетиндеги бликтен (нурдун чагылышынан) бозомтук болот.
- Блик-буюмдун жарык тийген бетиндеги жалтырап чагылышкан эң жарык так же тактары болуп саналат.
- Жарым көлөкө – бул буюмдун жарык тийген бетининен анын көлөкө бетин көздөй созулуп өткөн аралыкта жайгашкан бозумтук-каралжын тон. Жарым көлөкө жарыкка караганда каралжыныраак келип буюмдун өз көлөкөсүнө караганда ачыгыраак болот.
- Көлөкө – буюмдун көлөкө бетиндеги эщ кара тон (түс), буюмдун өз көлөкөсү деп аталат. Ал жарым көлөкөгө караганда каралжын болот, бирок буюмдан түшкөн көлөкөгө караганда кара да ачык болушу мүмкүн.
- Рефлекс чагылышкан нур – бул буюмдун көлөкө бетинин четиндеги нурданган жарык тон. Ал жарым көлөкөдөн ачык да каралжын да болушу мүмкүн. Чагылышкан нур негизинен коңшу буюмдарга түшкөн жарыктын кайра чагылышынан пайда болот.
- Буюмдан түшкөн көлөкө - буюмдун бетиндеги көлөкөдөн кара жана ачык болушу мүмкүн. Бул нерсенин кандай буюмдун үстүнө койюлганына жараша болот.

Нерсенин өз көлөкөсү жана андан түшкөн көлөкө жарыктын түшүү шарттарына байланыштуу.

Сызык жана штрих тердин жардамы менен көлөмдүү формалардын сүрөтүн тартуу.

Көркөм сүрөт искусствосу. Мейкиндикте элестетип көлөмдүү форманын сүрөтүн тартуу жана чаптап жасоо (скульптура, лепка).

Көнүгүү-1. Окуучунун мурда тартып көргөн самовар менен чыныны кайрадан эстеп мейкиндикте элестетүү аркылуу кагаз бетине сүрөтүн түшүрүүдөгү эс тутумун текшерүү. Мында окуучунун чыны менен самовардын пропорциясын таба билүүсү. Жарыктын жогору сол тараптан берилиши, көлөкө жарыктын градациясын түшүнө билип эсте тутуп калуусу, перспективанын закандорунан маалыматы бар жогун тактоо маселеси каралат. Тапшырма жеңил тондо карандаш менен 4-6 саатта аткарылат.

Көнүгүү-2. Сызык: штрих, майда сызыктардын жардамы менен элестеп сүрөт тартуу жана чаптап жасоо. Бир убакта эле окуучуларга мындай метод менен сабак берүү биздин методикабызда кездеше бербейт. Ошондой болсо да илимй экспeремент катары ачык сабак өткөрүүнү туура деп эсептеп, студенттер ж.б. сүрөт тартууну каалаган окуучулар менен элестеп сүрөт тартып, пластилинден чаптап жасап көрүү эрежесин да колдонсок болот.

1. Сүрөттү элестетип карап көрүп сүрөтүн тартып жана чаптап жасоо үчүн керектүү геометриялык материялдар: куб, шар, үч жана төрт грандуу призмалар.
2. Пластилинди иштетүү үчүн стектер (жыгачтан ийилап жасалган атайын бычак сымал инструменттер).
3. А-3, А-4 форматтагы сүрөт тартуу үчүн кагаздар, карандаш, өчүргүч колдонулат.

Окутуучу мугалим алгачкы тартып жүргөн геометриялык формаларды көрсөтүп, эстеп калуусун тапшырат жана ошол эле предметтерден турган нерселерден жаңыча композиция чаптап жасоону жана сүрөтүн таартууну тапшырат. Бул тапшырма оңой көрүнгөн менен балдарды мейкиндикте элестетип ой жүгүртүүсүнө шарт түзөт. Балдарга биринчи сүрөтүн тартабы, же чаптап жасайбы, өз эркинче иштөөгө мүмкүндүк берүү керек.

**Жыйынтыгында.** Көлөмдүү геометриялык фигураларды эстеп калып, жаңы татаал форманы жаратуу жана сүрөтүн тартуу тапшырмасы коюлат.

Студенттердин же сүрөт тартууга кызыккан ар бир окуучунун алдына коюлган т апшырма 6-8 саатта аткарылуусу керек болот.

Демек ар бир көркөм образдык чыгарманы жара-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тууда сүрөт сабагын үйрөнүп жана окуп билим алган ар бир студент жана окуучу кандайдыр бир деңгээлдерде сүрөттү тартып үйрөнүүнүн илимий теориялык жана илимий практикалык каражаттарын билүүсү талап кылынат. «Ар бир көркөм образдык чыгарманын өзүнүн диалектикалык закондору бар» [6].

Мына ошондуктан нерсенин өзүнөн көрүп сүрөтүн тартууда, ар бир постановкалык көрүнүштүн сүрөтүн тартуу менен бирге теориялык билим да өз ордуна ээ болуп тураары анык.

«Табияттын ар бир нерсесинин өзүнө мүнөздүү болгон: улуу, сулуу жана керемет болгон көркөм көрүнүштөрүнүн белгилери бар» [7]. Андыктан ар кандай заттык көрүнүштүн сырткы көрүнүшүндө терең табышмактуу сырлар бар экендиги да ар кандай образдык талашты жараткан кубулуш болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Сыдыгалиев Ж. Сүрөттү окутуунун байыркы методдору. - Б., 2009. - С. 115.
2. Иваницкий М.Ф.. Школа изобразительного искусства. - М.,1989. - С. 5.
3. Закиров У.А. Сүрөт. Бакалаврдык багыт менен окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн. - Бишкек 2014. - С. 19.
4. Рожкова Е.Е., Херсонская Е.Л. Рисование. - М., 1964. - С. 47.
5. Беда Г.В. Основы изобразительной грамоты. - М., 1981. С. 30.
6. Воробей Ю.Д. Диалектика художественного творчества. - М., 1984. - С. 37.
7. Лепешинская О.В. и др. Творческие коллективы. Эстетика поведения. - М., 1965. - С. 60.
8. Аширов А.А., Добаев К.Д. Функции предмета изобразительное искусство в школе. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 170-172.